УДК: 101:316.75(575.2)(04)

# ИДЕОЛОГИЯНЫН ПРОТОФИЛОСОФИЯЛЫК ФОРМАЛАРЫНЫН МААЛЫМАТТЫК ФУНКЦИЯЛАРЫ

**Бабашов А. К.**
филос. илим. канд., А.А.Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институтунун илимий кызматкери
**Аалиева Ш. К.**
Эл аралык Кувейт университетинин профессору, философия илимдеринин кандидаты, доцент; Ж. Баласагын атындагы КУУнун «Этнография» адистиги боюнча докторанты

# ИНФОРМАЦИОННЫЕ ФУНКЦИИ ПРОТОФИЛОСОФСКИХ ФОРМ ИДЕОЛОГИИ

**Бабашов А. К.**
кандидат философских наук, научный сотрудник Института философии имени А.А. Алтмышбаева
**Аалиева Ш. К.**
профессор Международного Кувейтского университета,
кандидат философских наук, доцент;
докторант по специальности «Этнография»,
Государственный университет им. Дж. Баласагына

# INFORMATION FUNCTIONS OF PROTOPHILOSOPHICAL FORMS OF IDEOLOGY

**Babashov A. K.**
candidate of philosophical sciences, researcher
at the Institute of Philosophy
named A.A. Altmyshbaeva
**Aaliyeva Sh. K.**
professor at the International Kuwait University,
candidate of philosophical sciences, associate professor; Doctoral student specialty “Ethnography”, State University named J. Balasagin

**Аннотация.** Макалада социалдык мамилелерди, түзүлүштү өзүнө камтыган идеялар коомдук аң-сезимдин башка элементтери менен тутумдаш болгондуктан, идеологиянын протофилософпялык формаларынын маалыматтык функциясы кеңири чагылдырылды. Анткени, идеологиянын илимге чейинки формаларыныи мазмунуна, тарыхый-философиялык анализ жүргүзүү барган сайын актуалдашууда. Идеология - ой жүгүртүүнүн абстрактуу-теоретикалык деңгээлинде өсүп-өнүгүп туруучу реалдуу руханий процесс жана коомдук аң-сезимдин компоненттеринин бири катары, анын негизги функциясы учурдагы баардык саясий кыймылдарды, күчтөрдү камтуу менен өлкөнүн келечектеги өнүгүүсүнүн багытын аныктоочу каражат, күч болуп саналат.

**Негизги сөздөр**: идеология, протофилософия, информация, маалымат, социалдык институт, коммуникативдик башкаруучулук, акыл-эс, коомдук акыл-эс ж.б.

**Аннотация**. В статье подробно описана информативная функция протофилософских форм идеологии, поскольку идеи, включающие социальные отношения и структуру, совместимы с другими элементами общественного сознания. Ведь историко-философский анализ содержания донаучных форм идеологии становится все более актуальным. Идеология – это реальный духовный процесс, который растет и развивается на абстрактно-теоретическом уровне мышления и как одна из составляющих общественного сознания, ее основная функция – средство и сила определения направления будущего развития страны, включая все текущие политические процессы, движения и силы.

**Ключевые слова:** идеология, протофилософия, информация, социальный институт, коммуникативный менеджмент, разум, социальный разум и т.д.

**Abstract.** The article describes in detail the informative function of proto-philosophical forms of ideology, since ideas involving social relations and structure are compatible with other elements of social consciousness. After all, historical and philosophical analysis of the content of pre-scientific forms of ideology is becoming increasingly relevant. Ideology is a real spiritual process that grows and develops at the abstract theoretical level of thinking and as one of the components of social consciousness, its main function is the means and power of determining the direction of the future development of the country, including all current political processes. movement and strength.

**Key words:** Ideology, proto-philosophy, information, information, social institution, communicative management, reason, social reason, etc.

Идеологиянын протофилософиялык формалары кенири маанисинде улуттук жалпылыкты маалымат менен камсыз кылган социалдык институт болуп саналышат. Тибине жараша ар бир социалдык институт төмөнкүдөй курамдык элементтерден турушат: *максат* (кеңири маанисинде функция) — бул социалдык институттун ишмердүүлүгү менен байланышкан маселелер чөйрөсү; бул маселелерди чечүү үчүн иштелип чыккан *функциялар чөйрөсү.*

Максатына жетүү үчүн институт белгилүү бир каражаттар менен мекемелерге ээ. Каражаттар материалдуу, о.э. символикалуу же идеалдуу мүнөздө болушу ыктымал.

Социалдык институттардын пайда болуусу үчүн зарыл шарттар катары төмөнкүлөр карала алышат:

а) социалдык институттарга ылайык келген коомдук зарылдыктар; б) индивиддердин, социалдык топтордун жана башка жамааттардын жалпы социалдык баиланыштарынын, өз ара алакаларынын жана мамилелеринин болушу. Социалдык институттар структураларынын туруктуулугу, элементтеринин ннтеграциялуулугу жана белгилүү бир функциялары менен мүнөздөлүшөт. Идеологиянын протофилософиялык формаларын иликтөөдө анын иш-аракет этүү чөйрөсү же функцияларынын чеги өзгөчө кызыгууну жаратат. Идеологиянын протоформалары тигпл же бул коомдун турмуш-тиричилигинин баардык чөйрөлөрүн өз кучагына алып, аларга зор таасир бере алаарын баса белгилеп кетүү абзел [1].

Демек, идеологиянын протоформаларынын аткарган функцияларынын негизинде маалымат же информация жатат. *Маалымат же информация* (латынчадан informatio - түшүндүрүү, баяндоо) адамдар арасында бири-бирине оозеки жана жазуу түрүндө шарттуу белгилер жана техникалык каражаттар аркылуу берилүүчү кабарлар менен маалыматтар; ошол кабарларды берүү жана кабыл алуу процесси болуп саналат. Информация адамзаттын турмушунда илгертен эле зор мааниге ээ болуп келсе

да, бүгүнкү күнгө чейин анын бирдиктүү жалпы аныктамасы жок. Информация термини төмөнкүдөй маанилерде пайдаланылат: 1) маалымат, фактылардын сүрөттөлүшү; 2) жаңылыктар, жаңы маалыматтар; 3) кабар берүүдө аныксыз нерселерди кыскача баяндоо; 4) жандуу жаратылыштагы жана машиналардагы байланыштар менен башкаруунун негизи; 5) кабарларды берүү жана кабыл алуу. Информация түшүнүгү XX кылымдагы илимий-техникалык прогресстин жана кибернетика илиминин өнүгүшү менен өзгөчө мааннге ээ болгон. Ушунун негизинде ииформациянын төмөнкүдөй эки түшүнүгү пайда болгои:

1) информация түшүнүгү адамдар алмашкан кабарларды гана эмес, киши менен автомат ортосундагы, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүндөгү өз ара сигнал алмашууларды да өз кучагына камтыган. Клеткадан клеткага, организмден организмге берилүүчү белгилер да информация катары эсептелип калган.

2) информация теориясын түзүүгө алып келген информациянын сандык өлчөмү сунуш кылынган.

Каалагандай информация мазмун, сан жана баалуулук сыяктуу негизги үч параметрге ээ. Ииформациянын сандык параметри математикалык статистика, ал эми аксиологиялык жана мазмундук өңүттөрү семантикалык теория тарабынан изилденет. Информациянын сандык формуласы анын саны кабарланган аныксыз нерселердин сандык өзгөрүшү аркылуу чагылдырылат. Информациянын сандык өлчөмү бир системаны бир абалдан экинчи абалга өткөрүп турган алгоритмдин татаалдыгына дал келет. Сөз болуп жаткан проблеманын семантикалык жобосу пнформацияны белгилүү бир тплдин белгилеринен түзүлгөн тексттеринин маани-маңызы менен байланыштырат.

Философиялык, социологиялык эмгектерде социалдык информациянын көп сандаган функцияларынын ичинен негизгилери катары *коммуникативдик, башкаруучулук* жана *тааным функцияларын* айырмаланат [2]. Социалдык информация коомдук эс-тутумдун негизин түзүү менен каидайдыр бир деңгээлде анын касиеттери менен функцияларын шарттап турат. Коомдогу көп сандаган маалымат агымдарында пдеологиянын протоформалары же коомдук эс-тутум инсандын, топтун жүрүм-турум стереотиптери камтылган, социалдык чындыктын туруктуу алакалары менен байланыштары чагылдырылган өтө маанилүү информацияларды айырмалайт, топтойт жана муундан муунга өткөрүп берет.

*Акыл-эс* демекчи, коомдук-гуманитардык илимдердин арсеналында *«диалектпкалык акыл-эс»* (диалектический разум), *«тарыхый акыл-эс»* (исторческий разум), *«коомдук акыл-эс»* (социальный разум), *«дүйнөлүк акыл-эс»* (мировой разум), ж. б. түшүнүктөрдү жолуктурууга болот. *И. Канттын* пикири боюнча акыл-эс төмөндөгүдөй мааниге ээ: «Эгерде көмүскө акыл-эс (рассудок) эрежелерди берүүгө, ал эми ой толгоо (суждение) эрежеге таянуу менен өзгөчө нерсенн табууга жөндөмдүү болсо, акыл-эс (разум) жалпыдан зарыл болуп саналган өзгөчөнү айырмалап алууга болгон жөндөмдүүлүк болуп саналат. Ошентип, акыл-эсти негиздүү жоболор боюнча ой бүтүмүн чыгаруу жана (жашоо-турмушта) ошол жоболор боюнча иш кылуу катары аныктоого болот. Ар бир моралдык ойлом үчүн «...адам акыл-эске муктаж, ошол эле учурда ал дайыма эле жалпы кабыл алынган үрп-адаттарга таяна албайт»[3].

*Г. Тард* өзүнүн эмгегинде «коомдук акыл-эс» түшүнүгүн «жекелик акыл-эс» менен салыштыруу иретинде карап, «...социалдык акыл-эстин өзгөчөлүгү болуп төмөнкү эсептелет: анда адамдардын социалдык ойломдору менен пикирлери өз ара макулдашылган жана алар социалдык иденттүүлүктүн негизинде бирин-бири тааный алышат»[4], - деп жазат.

Акыл-эс - таанып-билүү процессинин максаты менен карама-каршылыктарын өзүнө камтыган, объективдүү чындыкты чагылдырууга жөндөмдүү болгон бүтүндөй бир ойлом процесси. Акыл-эстин жана эстүүлүктүн коомдук деңгээли жамааттын ой ишмердүүлүгүн өзүнө камтыйт. Коомдук акыл-эс - бул коомдук иреттүүлүктүн динамикасынын, ошол эле учурдагы өнүгүүсүнүн жыйынтыгы. Коомдук акыл-эсти символдордун жана идеялардын алкагында кездештирүүгө болот. Алар айрыкча элдик оозеки чыгармаларда сакталган, б.а., ал чыгармалар ошол элдин коомдогу акыл-эсин аныктап турат. Кыргыз элинин «Манас» баштаган эпикалык чыгармаларын, руханий мурастын тарыхый формасы катары кароого болот. Бул чыгармалар өздөрүн конкреттүү формада объективизациялоонун жолдорун издеген, элдин өздүк аң-сезиминин интенсивдүү өнүгүү шартында пайда болушкан. Социомаданий акыл-эстин идеяларын предметтештирүүдө эбегейсиз мүмкүнчүлүккө ээ, чагылдыруунун формасы катары кыргыз элинин эпикалык маданияты негизги ролду ойногон. Эпикалык маданияттын элдин коомдук турмушун ушунчалык жогорку деңгээлде чагылдыруусун Чыңгыз Айтматов төмөндөгүчө сүрөттөйт: «...«Манас» эпосун укканда ар бир кыргыз Манастын эрдиги менен өлүмүнө гана кайгырып ыйлабастан, Манастын тагдыры аркылуу өз тагдырын таанып ыйлайт».

«Манас» эпосундагы ар бир каарман белгилүү бир функцияны аткарат, о.э. алар адам баласына тиешелүү баалуулуктардын алып жүрүүчүсү болуп саналышат. Бир сөз менен айтканда, кыргыздардын коомдук акыл-эси, руханий, адеп-ахлактык тажрыйбаларынын тарыхы «Манас» эпосундагы ар бир каармандын образында сакталып калган. Натыйжада, эпосту коомдук баалуулуктардын түгөнгүс кенчи деп айтууга болот. «Манас» эпосунун баалуулук структурасын төмөндөгүдөй үч өңүттө кароого болот: *биринчиден*, көркөм чыгармачылыктын туу чокусу катары; *экинчиден*, маданий жашоонун калыптанышындагы ролу боюнча; *үчүнчүдөн*, кыргыз элинин бир нече муундарын тарбиялоодогу мааниси.

Кыргыздардын руханий маданияты негизинен эпикалык чыгармаларда жашаган. Алар социалдык эстафета катарында муундан-муунга берилгендигинин натыйжасында бизге ал баалуулуктардын чети да коробой жеткирилген. Руханий мурас - жеке инсандын эмес, жалпы эле жамааттын таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы. Жамааттын эс-тутуму гана убакыт жана мейкиндикте тарыхый окуялардын сакталышына шарт түзө алат. Адамдын мээсинин ишмердүүлүгүнүн негизинде ачылган коомдук кубулуштардын маңызын, кийинки муундарга жеткирүүдө жазуунун жоктугу, ал процессти эки эсе татаалдатат. Мындай кырдаал руханий чыгармачылыктын маалыматтарын сактоонун өзгөчө структурасынын пайда болушуна алып келет.

Маалыматтарды сактоонун жана берүүнүн салтка айланган формасы аларды коомдун өнүгүшүндөгү талаптарга ылайык өзгөртүп, кошумчалап, айрым учурда кээ бир бөлүктөрүн четке кагат. Бул көрүнүштү Гегель мындайча түшүндүрөт, «...традициялуу форма өзүнө тапшырылган иштер менен тиричилик буюмдарына аяр кылуу менен аларды кийинки муундарга сактаган үй кызматкери (домоправительница) эмес, о.э. каада-салт (традиция) жансыз статуя да эмес: ал жандуу, ал улам кеңейген сайын, өзү башат алган булактан ошончо алыстаган күркүрөөлүү сайга окшоп тынымсыз өсүп-өнүгүп турат».

Ушунун негизинде руханий мурастын төмөнкүдөй негизги функцияларын аныктоого болот: тааным, тарбиялык, алдын ала көрүү, консервативдүүлүк. Ушул функцияларды бөлүп кароо төмөн-

дөгүлөргө негизделди: *Биринчиден,* бул функциялар руханий мурастын бардык формаларында орун алышкан. Чынында эле, эгер материалдык жана руханий маданияттын мурастарынын мазмунуна, формасына жана өнүгүүсүнө тереңирээк ой жүгүртсөк, анда алардын көпчүлүк элементтери бүгүнкү күндүн проблемалары менен органикалык байланышта болуп, учурдагы өнүгүү процессине оң же терс таасирин тийгизгиндигин көрө алабыз. Бир сөз менен айтканда, булардын социалдык ролу өтө кеңири таралган, бул учурду руханий мурасты изилдөөдө эске албай коюга болбойт, айрыкча качан алардын формаларын, бүгүнкү күн менен болгон байланыштарын аныктоодо.

*Экинчиден,* руханий мурастын бул функциясы бүгүнкү коомдук жашоого тийгизген таасиринин масштабы менен гана эмес коомдук мааниси менен да айырмаланып турат. Биздин жашоодо руханий мурастын ар кандай формасы өзүнчө мааниге ээ. Буга мисал катары өткөн мезгилдеги кубулуштардын тигил же бул абалын, тарыхын изилдөө бүгүнкү күндүн коомдук жашоосундагы процесстерди таанып билүүдө тереңирээк түшүнүүгө шарт түзүүсүн кароого болот. Же болбосо, руханий мураска таянуу менен адамдар келечекке карата белгилүү прогноздорду жасай алат. Дагы бир айта кете турган нерсе прогрессивдүү руханий мурас дайыма жаш муундарды патриоттуулукка, атуулдукка тарбиялоодо негизги инструмент катары кызмат кылып келген жана кыла бермекчи. Эгерде ар бир функциянын мазмунуна кайрылсак, жогоруда айтылгандарга ынануу кыйынга турбайт.

**Адабияттар:**


1. Щепаньский Я. Элементарные понятия социологии. М., 1969.
2. Урсул А. Д. Информация. Методологические аспкты. - М., 1972. - С. 212; Кремянский» В. И. Методологические проблемы системного подхода к информации. - М., 1977.
3. Кант И. Сом. В 6 томах. - М., 1961. - Т. 6. - С. 438.
4. Тард Г. Социальная логика. - СПб., 1995. - С. 118.
5. Айтматов Ч. Кирпичное мироздание или энергия мифа. — М.,1988.